КЫРГ
83.8
К98

Льюис КЭРРОЛЛ

# Алиса укмуштар дүйнөсүндө



УДК 821.512.154-93
ББК 83.84
К 98

**Кэрролл, Льюис.**

**К 98** Алиса укмуштар дүйнөсүндө / *Котор. Н. Асанбаев* – Б.: Турар, 2023. – 24 б.

ISBN 978-9967-35-242-1

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйн
карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк,
арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана
жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун с
иллюстрациялар менен коштолгон, эң популярдуу жо
сериясынан жомокчу Льюис Кэрроллдун «Алиса укмушт

38360 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 38360 б/ф

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

ISBN 978-9967-35-242-1

© «Турар» басмасы, 2023

КЫРГ
83.8
К98



Алиса суунун жээгинде көңүлсүз отурду. Жанында эжеси сүрөтү жок китеп окуп жатат. Аңгыча эле кишиче сүйлөп, кийим кийип, чөнтөк саат көтөргөн Ак Коёнду көрүп калды. Таң калганынан коёндун артынан басып анын ийинине кирди. Ал ийинде ылдыйлай берип, ылдыйлай берип, акыры бир коридорго жетти. Ал жерде столдун үстүндө «МЕНИ ИЧ» деген жазуусу бар бөтөлкө туруптур. Алиса аны ичери менен кичирейе баштады.





Ал ушунчалык кичирейгендиктен, столдо турган ачкычка жетпей калды. Ушундан улам ал столго кайра келип, «МЕНИ ЖЕ» деген тортту көрдү. Ал аны жээри менен кайра чоңоё баштады. Ал ушунчалык чоңойгондуктан, башы шыпка тийип калды. Алиса кайгырып аябай ыйлады. Анын жашы суудай агып жатты. Туш тараптын баары суу болуп чыкты. Бир маалда ал Ак Коён түшүрүп койгон желпүүрдү алып желпинди. Ошол замат кайра кичирейе баштады. Акыры өзүнүн жашынан пайда болгон көлдө калкып калды. Аңгыча анын жанынан бир Чычкан сүзүп өттү. Алиса аны менен достошкусу келди. Бирок, Чычкан кабыл алган жок.



Бир маалда көз жаштын көлмөсүнө жаныбарлар менен канаттуулар толуп кетти. Баары тең суунун агымы менен агып баратты. Алиса баш болгон жаныбарлар агып отуруп жээкке чыгышты. Ал жерден баары тең кургануунун аргасын издей баштады. Ар ким өзүнүн оюн айтты. Чычкан Виллиам Жеңерман тууралуу өтө кургак сабак өттү. Додо болсо эң сонун сунуш айтып, элди Тандалма Жарышка чакырды. Анын сунушу баарына жагып, жарышты башташты. Баары тең чуркап отуруп марага жетишти. Натыйжада баары тең кургап, баары тең жеңүүчү аталды.





Ушул убакта баягы Ак Коён дагы пайда болду. Ал түшүрүп койгон желпүүрүн издеп жүрүптүр. Ал Алисаны кызматчысы Мэри Энн деп ойлоду да, үйгө барып желпүүр менен мээлейимди алып кел деп буйруду. Алиса коркконунан Ак Коёндун үйүнө чуркап жөнөдү. Бирок коёндун үйүнө кирери менен чоңойо баштады. Ак Коён аны сыртта көпкө күттү. Акыры аябай ачуусу келип, багбаны Кескелдирик Биллди чатырга чыгып, үйгө мор аркылуу кирчи деп кыйкырды.





Алиса бир маалда жаныбарлардын үнүн укту. Алар Алисага жерге түшкөндө токочко айланып калган майда таштарды ыргытышты. Кыз аларды жеп алып кайра кичирейди. Бир аздан кийин Алиса өзүн жаман сезип, үйдөн качып кетти. Ал токойду карай качты. Токойдон ал бакка кирген эшикти көрүп, ага кирип кетти. Ал жактан козу карындын үстүндө отурган Жылдыз куртту көрдү.








Жакын барса Жылдыз курт кальян чегип отуруптур. Ал Алисадан: «Эмне болду?» – деп сурады. Кыз ага өзүнүн көйгөйүн айтты. «Бирде чоңоюп кетем, бирде кичирейип кетем», – деди ал. Жылдыз курт: «Сага жардам бере алам», – деп жооп кайтарды. «Кантип?» – деп сурады кыз. Жылдыз курт: «Бул козу карындын бир жагын жесең чоңоёсуң. Бир жагын жесең кичирейесиң», – деди да, кетип калды. Алиса козу карындын бир жагын жеп аябай кичирейди. Андан кийин дагы бир жагын жеп бактардан да бийик болуп чоңойду. Анан ал эки жагынан тең аябай жеди да, кадимкидей калыбына келди.





Андан ары баратып Герцог айымдын босогосунда отурган Кызматчы Баканы көрдү. Ал үйгө кирсе Герцог айымдын ашпозу идиштерди чачып, калемпирден аябай салып, сорпо жасап жатыптыр. Ушундан улам Алиса дагы, Герцог айым дагы, анын кичинекей баласы дагы чүчкүрө баштады. Герцог айым баласын Алисага бере салып, өзү кетип калды. Мына кызык, ошол замат бала чочкого айланды. Алиса үйдөн чыгып Чеширдик Мышыкка жолукту. Мышык ага Март Коёндун үйүн көргөздү. Кыз Март Коёндун үйүн көздөй чуркады.

Ал жерге барса Март Коён, Калпакчы жана аябай чарчап отурган Дормаус – үчөө «келесоодой» чай ичип отуруптур. Алиса алардын жанына барып отурду.



Март Коён менен Калпакчы Алисадан аябай көп суроолорду, табышмактарды сурады. Бирок кыз алардын бирөөнө да жооп бере албай, аябай кыжыры келди. Ал өзүнүн шылдың болгонун сезип, бул жерди ушуга чейинки «эң келесоодой чайлашуу» деп атады.





Алиса ал жерден кетип бакчага чыкты. Бакчадан ак розаларды кызылга боёп жаткан жандуу карталарды көрдү. Көрсө, Ача Дама ак розаны жаман көрөт экен. Андан кийин ал өтө көп карталарды, королдорду, дамаларды, ал тургай Ак Коёнду да көрдү. Ал Хан менен Ханышага жолукту. Ханыша аны крокет ойноого чакырды. Алиса ага макул болуп, экөө ойной баштады. Алар тирүү фламинголорду таяк кылып, кирпилерди топ кылып ойноштту. Бирок бул оюн анча жакпагандыктан, Алиса качып кетүүнүн жолун издеди.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ №38360





Аңгыча Герцог айым келип, Алиса экөө көпкө сүйлөштү. Ханыша аларды өлүм жазасы менен коркутту. Ал Алисаны Грифон менен тааныштырды. Андан кийин кызды Уйбакага алып баргыла деп буйрук берди. Алиса барса, Уйбака кайгысы жок болгонуна карабай кайгырып отуруптур. Ал мектепте чыныгы таш бака болгону тууралуу айтып берди. Бирок Грифондун ойногусу келип, анын аңгемесин бузуп койду.

Алиса тажап кетип, Уйбакадан ырдап берчи деп суранды. Уйбака ырдап, Грифон менен Алиса бийлеп баштады. Аңгыча алар боло турган сот тууралуу жарыяны угушту. Ушундан улам Грифон кызды сотко алып барды.





Алиса Ханышанын токочун уурдап алдың деп күнөөлөнүп жаткан Ача Валеттин сотуна катышты. Калыстардын катарында Кескелдирик Билл баш болгон ар кандай жаныбарлар отуруптур. Ак Коён жарчы болуп, Ача Король башкы сот экен.



Соттун жүрүшүндө Алиса өзүнүн чоңоюп кеткенин байкады. Ал жерде Калпакчы да күбө болду. Бирок ал кыйшаңдаган жооптору менен Королду наараазы кылып, ачуусун келтирди.



Эң аягында Алисаны да күбө катары чакырышты. Ал байкабай ичинде калыс жаныбарлар отурган кутуну тээп алды. Ушундан улам Король сотту улантуудан мурун жаныбарларды жайгаштырууну тапшырды. Андан кийин Король менен Ханыша 42-эрежеге ылайык Алисаны чыгып кет дешти. Мындайча айтканда, «Бою бир милден узун катышуучулардын баары чыгып кетсин» деп айтышты.

Бирок Алиса алардын бул чечимине макул болгон жок. Ал Ханыша менен да талаша кетти.

Так ушул маалда эжеси анын уйкусун бузуп жиберди. Алиса ойгонуп алып, мунун баары жөн гана түш экенин түшүндү.



40с

**Түстүү иллюстрациялар менен коштолгон,**
**эң популярдуу жомоктордун кыргыз тилине которулган сериясы:**

| | |
|---|---|
| Джонатан Свифт | Гулливердин саякаты |
| Феликс Зальтен | Бемби |
| Редьярд Киплинг | Маугли |
| Льюис Кэрролл | Алиса укмуштар дүйнөсүндө |
| Жанна-Мари Лепренс де Бомон | Айсулуу менен Желмогуз |
| Филип Пулман | Аладдин жана сыйкырдуу чырак |
| Шарль Перро | Өтүкчөн мышык |
| Ханс Кристиан Андерсен | Түрү суук өрдөк |
| Шарль Перро | Кызыл топучан кыз |
| Карло Коллоди | Пиноккио |
| Бир тууган Гриммдер | Рапунцел |

РБДЮ
38360 б/ф

**Льюис КЭРРОЛЛ**

# Алиса укмуштар дүйнөсүндө

Которгон *Насыпбек Асанбаев*
Редактор *Ишенбек Султаналиев*
Компьютерде калыпка салган, көркөмдөгөн *Айжамал Борисова*

Форматы 60x84 1/8. Көлөмү 3 б. т.
Нускасы 2000. Буйрутма № 2451.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.

# ЖОМОКТОРДУН ПАЙДАСЫ АЛДА КАНЧА ЧОҢ:

- Алар фантазияны, кыял күчүн, кылдаттыкты жана кеңири ой жүгүртүүнү өнүктүрөт;
- Бала жомоктогу окуяларды ээрчип отуруп мурда көрбөгөн, билбеген жерлерин, фантастикалуу окуяларды, каармандардын келбетин, көрүнүшүн кыялында жандандырат. Бул жагынан жомокторго эч бир телеберүүлөр дагы, компьютердик оюндар дагы жетпейт;
- Балдар дайыма өздөрүн оң каармандын ордуна коёт. Образга кирип, жакшы иштерди жасоону, чынчыл, кайраттуу, тапкыч болууну каалайт. Досторун жамандыктан куткарууну, алсыздарды коргоону үйрөнөт;
- Жакшы менен жаманды ажырата баштайт. Окуялар кандай гана терс өнүкпөсүн, жомоктор дайыма жакшы аяктайт;
- Багынбоону, аракет кылууну, каалаган тилегине жетүүнү үйрөнөт;
- Ар түрдүү тоскоолдуктарды ашып өтүүнү, өжөр, тапкыч болууну, аргасыз жагдайларда да жигердүү аракеттенүүнү үйрөнөт;
- Жомок окуу, же угуу аркылуу сөз байлыгы көбөйөт, баарлашуу жөндөмү жакшырат.

Жомок угуу менен бала өзүн курчап турган дүйнөнү таанып, адамдардын арасындагы карым-катнаш мыйзамдарын өздөштүрөт. Адептүүлүк, достук, эр жүрөктүк, кыянаттык жана арамдык жөнүндө билет. Жомоктордо дайыма оң жана терс каармандар бар, жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт жана жомоктордун соңу дайыма жакшы аяктайт.










Turar

9 789967 352421